65


Бардык
Өлкө
лөрдүн пролетар
лары
бириккиле!
Пролета
рии
всех стран,
соеди
няйтесь!
Кыргыз
С.С.Р.

Книга должна быть возвращена не позже указанного здесь срока

Количество предыдущих выдач

16/I-3624

КЫРГЫЗ
СОВЕТТИК
СОЦИАЛИСТТИК
РЕСПУБЛИКАСЫ

АБОНЕМЕНТ


«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1974




33С5(С54)кырг
65 К-97

# КЫРГЫЗ ССРи

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 271828





1974-жылдын октябрь айында Советтик Кыргызстандын эмгекчилери Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жана Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгын салтанаттуу белгилешет.

Бул белгилүү датага Советтик Кыргызстан жана анын Коммунисттик партиясы экономикалык, саясий-социалдык жана маданий турмуш жагынан зор жетишкендиктер менен, КПССтин лениндик улут саясатынын чыныгы үлгүсүн көрсөтүү менен келишет. Республика өзүнүн экономикасын, СССРдин эл чарбасынын комплексинде тез өнүгүп жаткан бүткүлсоюздук экономикалык, илимий жана техникалык потенциалга, бардык элдердин, айрыкча улуу орус элинин бир тууғандык жардамына таянуу менен өнүктүрүп жана тогузунчу беш жылдыктын тапшырмаларын жүзөгө ашырууда.

Кыргызстандын эмгекчилеринин юбилейге даярдыгы каармандык түзүүчүлүк эмгек менен жык толгон, алар республиканы экономикалык жана маданий жактан гүлдөтүүгө, КПССтин XXIV съездинин программалык белгилегендерин жүзөгө ашырууга толук чечкиндүү. Кыргызстандын Коммунисттик партиясы коммунисттердин жана бүткүл эмгекчилердин бардык мүмкүнчүлүгүн, Кыргыз ССРинин коомдук өндүрүшүндө эффективдүүлүктү жогорулатуунун негизинде материалдык жана маданий деңгелди жакшыртууга жумшайт.



Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы биздин даңктуу Родинабыздын бузулбас бир тууган үй-бүлөсүндө, КПССтин акылман жетекчилиги астында өзүнүн интернационалдык милдетин аткарып, өлкөбүздүн бардык эли менен бирдикте коммунисттик курулушту турмушка ийгиликтүү ашырып жатат.

Кыргыз ССРи эл чарбасындагы жана маданий турмуштагы зор жетишкендиктери, СССР элдеринин бир тууғандык достугун жана кызматташтыгын чыңдоодо ири салымы үчүн эки Ленин ордени жана «Элдердин достугу» ордени менен сыйланган.

Бийик тоолуу жана күнөстүү Кыргызстан жаратылыштын эсте каларлык контрасттарынын жана таң каларлык



сулуулуктун крайы. Республика 198500 квадрат километр аянтты ээлеп жатат. Анын территориясынын 93 процентинен көбүрөгүн тоолор түзөт, республиканын төрттөн үч бөлүгү деңиз деңгээлинен 1500 метр жана андан ашык бийиктикте жайланышкан. Аянтынын өлчөмү жагынан Бельгияны, Нидерландияны, Португалияны, Швейцарияны бирге алганга барабар.

Чокуларын ак кар, көк муз баскан улуу тоо кыркаларынын ак көбүктөнгөн дарыялары, тар жана терең капчыгайлар тептегиз, бөксөлүү тоо жайыттары, ойдуңдар жана чалкайган өрөөндөр менен алмашылат. Тоо кыркаларынын беттеринин биринде тоо шалбаалары, биринде талаа чабындылары, биринде көз мелжиген Тянь-Шань карагайлары, же жаңгактар болсо, биринен арчаларды же бадалдарды кездештиребиз.

Кыргызстандын жаратылышынын ар түрдүү болушу анын деңиз деңгелинен бийик жайланышына, тоо рельефине жана мелүүн поястын талааларынын жана Азия материгинин ортосунда жайланышкандыгына байланышат.

Кыргызстан чындыгында эле пайдалуу кендердин байлыгы жагынан гиганттык кенч — мында Менделеевдин мезгилдик системасындагы элементтердин 60 тан ашыгы табылган. Мында сурьма менен сымаптын, калайдын, полиметаллдык рудалардын, кокстук жана күрөң көмүрдүн, химиянын жана курулуш өнөр жай материалдарынын ар түрдүү сырьелук ресурстарынын, дарылык касиети бар көп сандаган минералдык жана термалдык булактардын бай кендери да бар.

Улуу Октябрь Социалисттик революциясына чейин Кыргызстанда бардыгы бир нече гана таш көмүр кендери жана айыл чарба сырьёлорун иштетүү боюнча майда жарым кустардык ишканалар гана болгон. Кылымдар бою артта калгандык, жаңы кендерди өнөр жайлык жол менен иштетүүгө мүмкүндүк берген эмес. Ошондой эле минералдык ресурстардын запастары да таптакыр чалгындалган эмес.

Шар аккан тоо сууларынын гидроресурстары да пайдаланылбаган. Күңгөй жана Тескей Ала-Тоо кыркалары менен курчалып жаткан Ысык-Көл дүйнөлүк маанидеги чы-





ныгы «берметти» элестетет. Ал 6 миң чарчы километр аянтты ээлейт, суусунун көлөмү жана тереңдиги жагынан бийик тоодогу көлдөрдүн ичинен ага теңдеш жок.

Республиканын аба ырайы кескин өзгөрүлмө. Жай мезгилинде өр талаша саякаттап баратып, кээ бирде аптаптуу өрөөнгө же бийик тоолуу гүлдөгөн талаага туш келсең, бирде кар жаап турган, же чокусун булут чалган мөңгүлүү тоо кыркаларына туш келесиң.

Тоо өрөөнүндөгү жагымдуу аба ырайы күндүн жана жылуулуктун молдугу — альпылык жана субальпылык жайыттардын кеңири массивдери мал чарбачылыгынын жана дыйканчылыктын негизги өбөлгөлөрүнөн болуп эсептелет. Бирок Кыргызстандагы революцияга чейинки көчмөн малчылык турмуш экстенсивдүү, өнүмсүз, ал эми жерди иштетүү, өнүккөн ирригациялык тармактардын жоктугунан жана жерди примитивдүү иштеткендиктен айыл чарба өсүмдүктөрү начар түшүм берип келген.

Кыргызстандын тоо кыркаларынын, өсүмдүктөрүнүн жана жаныбарлар дүйнөсүнүн ар түрдүү болушу бийиктиктердин кескин өзгөрүшү менен тыгыз байланыштуу.

* * *



**Кыргыз элинин өткөндөгүсүнөн.** Кыргыздар — Тянь-Шанда эки миң жылдан ашык убакыттан бери жашаган Орто Азиядагы эң байыркы элдерден. Кыргыз эли колуна бир нече жолу курал алып эркиндигин коргоп калган. Бирбирине касташкан тууганлык топторго бөлүнгөн, белгилүү тукумдун куугунтугуна калган кыргыз эли социалдык-экономикалык татаал шарттарда жашап турган. Көчмөндөрдүн журтунда мүңкүрөткөн жокчулук өкүм сүрүп келген.

Кыргызстан Россиянын составына киргенге чейин кыргыздардын чарбачылыгында алгачкы общиналык түзүлүштүн кул ээлөөчүлүк сыяктуу калдыктары менен патриархалдык-феодалдык мамиле өкүм сүрүп турган. Россиянын составына кирүү менен Кыргызстан орус мамлекетинин чарбачылык орбитасына тартыла баштайт. Тарыхый жагынан бул процессте прогрессивдүү мааниге ээ, чөйрөсүндө револю-



циялык жумушчу табы пайда болгон кыргыз элинин тагдыры орус элинин тагдыры менен түбөлүккө бирикти. Кыргыз эли Кокон хандыгынын деспоттук режиминен, феодалдык талаш-тартыштардан, Азиядагы артта калган Чыгыш мамлекеттеринин жана англиялык империализмдин коркунучтуу эзүүсүнөн кутулду.

Кыргыздар орус элинин прогрессивдүү идеяларын сезип, чарбачылыктын жана алдыңкы маданияттын өнүккөн формаларына катыша башташты. Кыргызстандын экономикасы Улуу Октябрь Социалисттик революциясына чейин артта калган колониалдык мүнөзгө ээ болгон. 1913-жылы Кыргызстандын өнөр жайы өндүрүлгөн коомдук продуктылардын араң 5 процентин түзгөн. Айыл чарбасы жана анын негизги тармагы болгон көчмөн малчылык жаратылыштын кескин өзгөрүлмөлүгүнө байланыштуу экстенсивдүү, примитивдүү болгон.

Орус пролетариатынын жана Түркстан элдеринин революциялык күрөшүнө кыргыз эмгекчилеринин тартылышы Кыргызстанда социалисттик революцияны даярдоо жана өткөрүүдө маанилүү роль ойноду. 1917-жылы 25-(7-ноябрь) октябрда Петроградда Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы жеңгенден кийин эле Совет бийлигин орнотууну жайылтуу үчүн күрөш башталды. Кыргызстандын территориясында Совет бийлиги алгач Кызыл-Кыя жана Сүлүктү сыяктуу шахтердук шаарларда (1917-жылдын ноябрында), Талас өрөөнүндө (1917-жылдын декабрында) орнотулган. Ош жана Пишпек уезддеринде Совет бийлиги 1918-жылдын башында, ал эми ушул эле жылдын орто ченинде Кыргызстандын бардык территориясында жеңип чыкты. Большевиктик уюмдардын жетекчилиги астында эмгекчилердин туруктуулук менен жүргүзгөн революциялык күрөшүнүн натыйжасында социалисттик революциянын толук жеңип чыгуусу аяктады. Кыргыз элинин тарыхында жаңы этап башталды. Октябрь революциясы кыргыз элин социалдык жана улуттук куугунтуктан бошотуп, экономиканын жана маданияттын өнүгүшү үчүн кеңири жол ачты.

Октябрь революциясына чейин Кыргызстан Түркстан







крайынын төрт: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана жана Самарканд областтарынын аймагына кирип келген.

Составына Кыргызстан кирген Түркстан АССРинде экономиканы калыбына келтирүү жана Советтерди чыңдоонун жүрүшүндө Орто Азия элдерин улуттук-территориялык белгилери боюнча бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. 1924-жылы РСФСРдин составында Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү — кыргыз элинин мамлекеттик түзүлүшүнүн пайда болушуна негиз салды.

Кыргыз автономиялуу областы 1926-жылдын 1-февралында автономиялуу Советтик Социалисттик Республика болуп кайра түзүлдү. 1936-жылы жаңы Конституцияга ылайык Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатынын салтанаты менен жеңген социализмдин өлкөсү Кыргызстан Союздук республика болуп калды. Кыргыз элинин мамлекет болуп түзүлүшүнүн процесси анын актысы болуп жыйынтыкталды.

Кыргыз эли феодализмден капиталисттик өнүгүүнүн азаптуу стадиясын аттап социализмге тарыхый секирик жасап социалисттик улутка айланды.

Биринчи беш жылдыктарды ийгиликтүү орундатуу үчүн күрөштөрдө, айыл чарбасын коллективдештирүүдө, маданий революцияны ишке ашырууда жана Кыргызстанда социализмдин жеңишинде, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын кужурмөн отряддарынын бири — республиканын Коммунисттик партиясы эмгекчи массанын уюштуруучусу жана жетекчиси болуп эсептелген.

Кыргызстандын Коммунисттик партиясы — республиканын эмгекчилеринин авангарды 1925-жылдын 1-январына Кыргызстан РКП(б) обкомунун түзүлгөн мезгилинде 2529 коммунистти бириктирген 126 ячейкадан турган. Кыргызстандын Компартиясынын XV съездинде (1971-жыл, март) 104632 коммунистти бириктирген 3498 баштапкы, 2576 цехтик партиялык уюмдардан, 2100 партиялык топтордон турган. Азыр Кыргызстандын коммунисттик партиясынын катарында 30 миңден ашык жумушчу, 18,5 миңден ашык



колхозчу жана ошондой эле эмгекчи интеллигенциянын 48 миң окуулу бар.

Кыргызстандын Коммунисттик партиясы марксизм-ленинизмдин туусун бийик кармап, анын тазалыгы үчүн келишпес күрөш жүргүзүп, коммунисттик түзүлүштүн КПСС-тин XXIV съездинин тарыхый чечимдеринин тапшырмаларын турмушка ийгиликтүү ашыруу үчүн республиканын эмгекчилеринин күчүн жумшайт. Ошону менен бирге В. И. Лениндин осуятын кыйшаюусуз орундатуу менен Коммунисттик партиянын улуттук саясатын КПСС Борбордук Комитетинин жетекчилиги астында, партиялык түзүлүштүн, советтик патриотизмдин жана социалисттик интернационализмдин принциптерин туруктуулук менен иш жүзүнө ашырып элдердин жалпы сүйүүсүнө жана сыйына татыктуу болду.

**Эл жана анын маданияты.** Кыргызстан — көп улуттуу республика. Бир тууган ынтымактуу үй-бүлөдө кыргыздар (43,8 процент), орустар (29,2 процент), украиндер (4,1 процент), өзбектер (11,3 процент), казактар, тажиктер, дунгандар, татарлар жана башкалар болуп Улуу Советтер Союзундагы 80 ден ашык улуттардын жана майда улуттардын өкүлдөрү жашап жана эмгектенип жатышат.

1974-жылдын 1-январына карата республикада жашаган калктардын саны 3218,5 миң кишини түздү. Кыргызстандын шаарларында жана жумушчу поселокторунда калктын 40 процентине жакыны жашайт. Жыштыгы жагынан бир чарчы километр аянтка 16 адам туура келет.

Республикада 15 шаар жана 35 шаар тибиндеги поселок бар. Кыргызстандын эң негизги саясий, экономикалык жана маданий борбору болуп 463,2 миң кишиси бар — Фрунзе шаары эсептелет.

Совет бийлигинин жылдарында калктын кесипчилик составы боюнча маанилүү өзгөрүштөр болуп өттү. Эгерде Октябрь Революциясына чейин кыргыздар көчмөндүү мал чарбачылык менен эмгектенип келсе, азыр республиканын эмгекчилеринин басымдуу көпчүлүгү өнөр жай ишканаларында, курулуштарда, транспортто, байланышта жана башка эл чарбасынын түркүн тармактарында иштеп жатышат.






Кыргызстандын жогорку жана атайын орто билимдүү адистеринин армиясы 182 миңден ашык болуп эсептелет. 9 жогорку окуу жайында жана 36 техникумда 100 миңден ашык студенттер жана окуучулар окуп жатышат. Республиканын жогорку окуу жайлары — 70 тен, техникумдар — 100 дөн ашык тармак боюнча адистиктерди даярдашат. Республиканын жалаң гана жалпы билим берүүчү мектептеринде 40 миңден ашык мугалимдер иштейт жана 820 миңден ашуун окуучулар окуп жатышат.

Кыргызстан адистерди даярдоо жана сабатсыздыкты жоюу деңгелинин масштабы боюнча Азиянын чет өлкөлөрүнөн гана эмес, Батыш Европанын өлкөлөрүн да алыска артка калтырды. Азыр Кыргыз ССРинде студенттер ар бир 10 миң кишиге алып караганда Батыш Германиядан 3 эсе, Англиядан 2 эсе, Франциядан 1,5 эсе көп окушат.

Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү эмгекчилердин саламатчылыгы үчүн такай камкордук көрүүдө. 1973-жылдын акырында республикада 7,3 миң врач жана 25,3 миң атайын орто билимдүү медициналык персоналдар эмгектенип жатышат. Республиканын ар бир 10 миң кишисине 23 врач туура келет. Бул АКШ, Англия, ФРГ сыяктуу өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөгүдөн алда канча көптүк кылат.

Кыргыз ССРи илим жана маданият жагынан зор жетишкендиктерге ээ. Башында Илимдер Академиясы турган 6623 киши иштеген анын ичинде илимдин 151 доктору жана 1881 кандидаты бар, 64 илим-изилдөө мекемелери эл чарбасында зор мааниге ээ болгон, катуу тектерди бургулоонун эффективдүү методдору, Кыргыз ССРиндеги минералдык сырьё базаларын прогноздоп баалоо, таза элементтерди алуунун методдору, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жана малдарынын азыктуулугун жогорулатуунун биологиялык жана биохимиялык негиздери, Кыргыз ССРинин өндүргүч күчтөрүн келечекте өнүктүрүү жана жайлаштыруу сыяктуу проблемаларды изилдеп жатат. Академиктер К. Каракеевдин, И. Ахунбаевдин, Б. Жамгырчиновдун, А. Алтымышбаевдин, М. Адышевдин, А. Мамытовдун жана башкалардын ысым-

3—1761



дары Советтер Союзунда гана эмес, андан сырткары да мактоого татыктуу.

Социализмдин идеяларынын салтанат курушунун жаркыраган үлгүсү болуп, формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик маданияттын гүлдөшү эсептелет. Кыргызстандын Ленин ордендүү академиялык опера жана балет театрынын, Кыргызстандын Эмгек Кызыл Туу ордендүү академиялык драма театрынын, Кыргызстандын Эмгек Кызыл Туу ордендүү Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик филармониясынын репертуарында дүйнөлүк классиканын, бир тууган СССР элдеринин искусствосунун, Кыргызстандын композиторлорунун жана жазуучуларынын чыгармалары бар.

Кыргыз искусствосунун ишмерлери тарабынан түзүлгөн кыргыздын улуттук «Айчүрөк», «Чолпон», «Ажар», «Куйручук» опералары жана балеттери советтик көрүүчүлөрдүн өзгөрүлбөс ийгилиги болуп калат. Композиторлор, СССРдин эл артисти А. Малдыбаевдин, республиканын искусствосуна эмгек сиңирген ишмерлери М. Абдраевдин, К. Молдобасановдун, Н. Давлесовдун жана башкалардын ысымдары кеңири белгилүү.

Советтер Союзунун киноэкрандарында «Кыргызфильм» киностудиясынын көркөм жана хроникалык-документалдык фильмдери демонстрацияланып жатат, ал эми «Салтанат», «Аптап», «Чолпон», «Жоро» көркөм фильмдери Францияда, Англияда, Индияда, Чехословакияда, Польшада жана башка өлкөлөрдө зор ийгиликтер менен көрсөтүлдү. Бул фильмдерде кыргыз искусствосунун талanttуу актерлору СССРдин эл артисттери М. Рыскулов, Б. Бейшеналиева, Д. Куйүкова, Б. Кыдыкеева жана башкалар тартылышкан.

Кыргыз адабияты да жалпыга таанымал болду. Кыргыз акындары жана жазуучулары кыргыздын улуттук оозеки чыгармачылыгынын бай мурастарын орустун жана прогрессивдүү дүйнөлүк адабияттын алдыңкы жетишкендиктерин пайдалануу менен биздин заманыбызга татыктуу чыгармаларды жаратышууда. Республиканын Эл акындары А. Токомбаев, Т. Үмөталиев, К. Маликов, А. Токтомушевдер, Эл жазуучулары Т. Сыдыкбеков, К. Баялиновдор өздөрүнүн таланттуу чыгармалары менен кеңири таанымал. Биздин эң сонун заманыбызды таамай чагылдырган көрүнүктүү чыгармалары менен Эл жазуучубуз Чынгыз Айтматов Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болду. Анын чыгармалары дүйнөнүн 70тен ашык өлкөлөрүнө белгилүү.







Совет бийлигинин жылдарында республикада сүрөт искусствосу да пайда болду. С. А. Чуйковго жана Гапар Айтиевге СССРдин Эл художниги деген ардактуу наам ыйгарылды.


Еир кездерде жазуусу да болбогон республикада азыркы мезгилде кыргыз, орус, өзбек, дунган тилдеринде газета-журналдар, китептер басылып жатат. Кыргыз эли дүйнөлүк классиканын чыгармаларын эне тилинде окуп жатышат.

**Эл чарбасы.** Бүгүнкү Кыргызстан — СССР элдеринин бир тууган үй-бүлөсүндө өнүгүп жаткан, эл чарбасынын татаал комплекси. Территориялык өндүрүштүк татаал структураны мүнөздөгөн, жогорку механизациялаштырылган айыл чарбасы, транспорт жана байланыш, өнөр жайдын маанилүү тармактары республиканын экономикасынын негизин түзөт. Родинабыздын боордош элдеринин, баарыдан мурда орус элинин бир туугандык жардамы аркасында Кыргызстандын эл чарбасынын бардык эң негизги тармактары жогорку темп менен өнүгүп жатат. Азыр өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 1922-жылга салыштырганда 400 эсе өстү. Өнүгүүнүн мындай жогорку темпи — өндүрүштү социалисттик жол менен өндүрүп турмушка ашыруунун капиталисттик системадан артыкчылыгынын натыйжасы болуп саналат. Кыргыз ССРинин туш-тарабынан гүлдөп өнүгүшү — артта калган өлкөлөрдүн капиталисттик өнүгүүнүн азаптуу стадиясын аттап социализмге өтүү мүмкүндүгү жөнүндөгү лениндик теориянын жаркыраган далили.




Өнүгүүнүн капиталисттик жолун басып өтпөгөн элдер жеңген социализмдин өлкөлөрүнүн жардамы менен өнүккөн социалисттик коомду кура тургандыгы чындык менен төгүндөлбөс болуп далилденди.

Жолдош Л. И. Брежнев «СССРдин 50 жылдыгы жөнүндө» деген докладында мындай деп белгилеген:






«...ленииндик улут саясатынын негизинде, бүткүл совет элинин каарман эмгегинин натыйжасында биз эски Россиянын түшүнүгүндөй артта калган чет жака деген жерлердин жок болушуна жетиштик. Бул, жолдоштор, биздин партиябыздын эң сонун жеңиши, социализмдин, элдердин социалисттик достугунун жеңиши!»[1]

**Кыргыз ССРинин өнөр жайы** социалисттик түзүлүштүн бардык этаптарында жогорку темптер менен өнүктү. Азыр өнөр жайдын өндүрүштөгү салыштырмалуу салмагы республикадагы коомдук продуктылардын 55 процентинен ашыгырагын түзөт. Жалпы өнөр жай продукцияларынын өсүш темпи боюнча Кыргыз ССРи союздук республикалардын ичинде биринчи орунду ээлейт жана 1972-жылы 1913-жылдагыдан 227 эсеге ашкан. (Казак ССРинде—170 эсе, Арменияда—220 эсе, ал эми жалпы өлкө боюнча—105 эсе.)

Республикада индустриалдык тармактардын Совет бийлигинин жылдарындагы тез өсүшү социализмдин объективдүү экономикалык закондорунун таламдары менен, мурдагы падышалык Россиянын экономикалык өнүгүүдө артта калган райондорун тезинен алдыңкылардын катарына теңелүү зарылдыгынан жана СССРде коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн жалпы милдеттеринин негизинде жүзөгө ашырылууда.

Республиканын индустриясын өнүктүрүүнүн темпи коммунизмди кеңири куруунун мезгилинде да жогору. 1960—1970-жылдарда Кыргызстанда өнөр жай өндүрүшү 3 эседен ашыгыраак өстү. Ушундай темп менен өсүүнүн натыйжасында 1970-жылы республикада Октябрь революциясына чейинки толук бир жылдын продукциясын 2 күндүн ичинде өндүрүп чыгарды.

Өнөр жайдын жогорку темптер менен өнүгүшү, өндүрүштүн жаңыча формировкаланышынын, тармактык структуралардын, техникалык прогресстин негизинде өркүндөтүлүшүнүн, татаал техникалык прогресстерде өздөштүрүүнүн негизинде Кыргызстан, бүткүл союздук өндүрүшкө түстүү жана сейрек учуроочу металлдарды, автоматтык жана жа-

[1] Л. И. Брежнев. «СССРдин 50 жылдыгы жөнүндө». «Кыргызстан» басмасы. 1973, 18-бет.



рым автоматтык, электрокыймылдаткычтарды, темир-пресс машиналарды, электроизоляциялоочу материалдарды, пресс-подборщиктерди, уникалдуу физикалык приборлорду киргизип жаткан республикага айланды. Кумшекерди, жүн жана жибек кездемелерди, ички жана тышкы трикотаж кийимдерди чыгаруу көлөмү жагынан ар бир кишиге эсептегенде жалпы союздук деңгелден жогору турат.



«Кыргызстандын бүгүнкү күндөгү экономикасы,— деп белгиленет Кыргызстан КП БКнын токтомунда,— ачык-айкын индустриалдык мүнөздө, ал өндүрүштүк кубаттуу базасы жана жаңы социалдык-экономикалык татаал милдеттерди ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берүүчү илимий-техникалык жогорку потенциалы менен мүнөздөлөт».

Республика өнөр жай өнүгүшүнүн темпи боюнча Чыгыш чет өлкөлөрүнүн көпчүлүгүнөн жана Батыштын көптөгөн капиталисттик өлкөлөрүнөн биринчи орунга чыкты. Азыркы убакта электр энергиясын иштеп чыгаруу боюнча ар бир кишиге эсептегенде Азиядагы 23 капиталисттик өлкөнүн 21 инен, америкалык континенттеги 24 өлкөнүн 21инен алдыга озуп кетти.

Кыргызстандын эл чарбасында башкы орунду, негизинен Совет бийлигинин тушунда кайра түзүлгөн таш көмүр өнөр жайы ээлейт. 1973-жылы 3,9 миллион тонна көмүр казылып алынды, бул 1913-жылдагыдан 38 эсе көптүк кылат. Шахтерлордун революцияга чейинки оор эмгеги зор машиналар жана механизмдер менен алмашылды. Азыркы мезгилде шахталарда жана разрездерде шахтерлордун жумушун аябай жеңилдеткен көмүр комбайндары, электровоздор, көмүр жүктөөчү жана башка көптөгөн механизмдер иштеп жатат. Кыргызстандын жеринин астынан нефть жана газ өндүрүлөт.



Кыргызстан сымап жана сурьма чыгаруу боюнча өлкөдөгү эң башкы өндүргүчтөрдөн болуп эсептелет. Кадамжайлык металлургдардын эриткен сурьмасы эл аралык рыноктун эталону болуп калды.

Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде пайда болуп, айрыкча согуштан кийин тез өркүндөө жолуна түшкөн ма-



шина куруу тармагы негизги индустриалдык өндүрүш болуп эсептелет.

Машина куруу ишканалары металл кесүүчү станокторду, күчтүү пресстерди, автоматтык линияларды, автомашиналарды, айыл чарба машиналарын, приборлорду, электр кыймылдаткычтарды, электр аппаратураларын, технологиялык жасалгаларды жана башка продукцияларды чыгарат. 1973-жылы 23 миң пресс-подборщик, 16,1 миң жүк ташуучу автомобилдерди, 2479 металл кесүүчү станокторду, 1323 миң магниттик пускателдерди чыгарды.


Кыргызстанда 16,3 миллион киловатт энергиясы болгон ири гидроэнергетикалык ресурстар жайланышкан. Республикабызда акыркы эле жылдарда 180 миң киловатт күчү бар Үч-Коргон ГЭСи, 40 миң киловатт күчү бар Ат-Башы ГЭСи пайдаланууга берилген. Азыр Нарын дарыясынын нугунда Орто Азиядагы эң ири гидротүйүндөрдүн бири жогору үнөмдүү Токтогул ГЭСи курулууда. Электростанция ишке кирери менен эле анын энергиясынын маанилүү бөлүгү бир тууган республикаларга — Өзбекстанга, Тажикстанга, Казакстанга берилет.

Кыргызстан Орто Азия жана Түштүк Казакстандын бириктешкен энергосистемасында маанилүү орунду ээлейт. Бул гидроузел, энергетикадан башка, чоң ирригациялык мааниге ээ. ГЭСтин плотинасынын бийиктиги 230 метр болуп Нарын дарыясын бөгөйт жана 19,3 миллиард кубометр көлөмдөгү көп жылдык регулировкалоочу суу сактагычты түзөт. Фрунзе, Ош, Пржевальск шаарларында 500 миң киловаттка жакын күчү бар ТЭЦтер курулду. Жалаң гана сегизинчи беш жылдыктын ичинде республикабыз боюнча 2 миң километр жогорку вольттуу жана 11 миң км төмөнкү вольттуу линиялар курулду.

Совет бийлигинин жылдары ичинде көп сандаган өнөр жайды кайра иштетүүчү тармактар кеңири өнүгүүгө жетишишти.

**Кыргыз ССРинин жеңил өнөр жайы** республиканын эл чарбасында эң негизги тармактардын бири болду жана жалпы көп тармактуу өсүшкө ээ болду. Даяр продуктылар-





ды — жибек, жүн кездемелерди, трикотаж, тигүү жана бут кийим товарларын өндүрүүнү жогорулатуу жана пахта тазалоочу, булгаары жана башка сырьёлук тармактардын салыштырма салмагын төмөндөтүү үлүшү мүнөздүү.

Даяр продуктыларды өндүрүү боюнча ишканаларды түзүү багытында жеңил өнөр жай структурасындагы өзгөрүүлөр — техникалык прогресстин жогорку деңгелинин көрсөткүчү.


Бул тармактар боюнча ишканалар азыркы күндөрдө бардык шаарларда жана жумушчу поселоктордо гана эмес, бардык эл жашаган кыштактарда да жайгашкан. Жеңил өнөр жайынын борбору болуп Фрунзе шаары эсептелет. Мында ири камволдук сукно комбинаты, ийрүү-токуу, трикотаж, кенаф-ийрүү, тигүү, бут кийим фабрикалары, булгаары заводу иштеп жатат. Тармак боюнча маанилүү ишканалардын санына Октябрдын 50 жылдыгы атындагы Ош текстиль комбинаты, ошол эле Ош шаарындагы ВЛКСМ атындагы жибек комбинаты, Жалал-Абаддагы, Кара-Суудагы, Оштогу пахта тазалоочу заводдор, Пржевальск, Жалал-Абад, Ош, Талас, Нарын шаарларындагы тигүү жана бут кийим фабрикалары, Аламүдүн селосундагы трикотаж фабрикасы, Чалдовар селосундагы тигүү фабрикасы кирет.

**Тамак-аш өнөр жайы** жергиликтүү айыл чарба сырьелорун кайра иштетүүчү Фрунзе, Ош, Рыбачье, Сүлүктү шаарларындагы эт комбинаттарын, Чүй өрөөнүндөгү — Кайыңды, Ак-Суу, Новотроицк, Кант, Калининск, Токмоктогу кант заводдорун, Фрунзедеги шампан жана маркасы бар винолордун комбинаты, Фрунзедеги, Пржевальскидеги, Жалал-Абаддагы пиво кайнатуучу, республиканын ар кайсы райондорундагы май жана быштак, жемиш жана жашылча консерва заводдорун бириктирип турат. Азыркы тамак-аш өнөр жайы көп тармактуу, калктардын көптөгөн тамак-аш продуктылары боюнча керектөөсү республикада өндүрүлүшүнүн эсебинен канааттандырылып турат.

Кыргыз ССРи — көп тармактуу өнүккөн социалисттик айыл чарбасы бар, бүткүл союздук мааниге ээ ири колхоздору жана совхоздору бар, ошондой эле эмгектик жогорку фонду менен куралданган республика. Азыркы кездеги



ОШСКАЯ
областная
библиотека
Инв. № 221828



айыл чарбасы боюнча дүң продукция Орто Азия экономикалык районунун дүң продукциясынын 17 процентке жакынын түзөт.


Бүткүл союздук эмгекти территориялык бөлүштүрүүдө Кыргыз ССРи өзүнүн адистигинен мал чарбачылыгы боюнча жана техникалык өсүмдүктөрдүн өнүгүшү менен маанилүү болуп бөлүнүп турат. Айыл чарбасынын дүң продукциялары боюнча 52 процентке жакыны мал чарбасына, анын ичинде негизги ролду ойногон уяң жана жарым уяң жүндүү кой чарбачылыгына, ал эми 48 проценти — жер иштетүүгө, башкы аракет кылуучу техникалык өсүмдүктөргө (кызылчачылык, пахтачылык жана тамекичилик) туура келет. Республика ар жүз гектар айыл чарбасына жарактуу жерлерден жүн өндүрүү боюнча СССРде биринчи, эт жана сүт жагынан Орто Азиядагы республикалардын ичинде биринчи орунду ээлейт.

Айыл чарбасын техникалык жактан жабдуу жыл сайын өсүп бара жатат. Азыркы күндө республиканын ар бир колхоз жана совхоздорунда орто эсеп менен алганда ар кайсы маркадагы 60 трактор, 33 автомашина, 15 комбайн жана 200 дөн ашуун башка машиналар менен механизмдер бар.

Республиканын мал чарбасынын башкы тармагы — кой өстүрүүчүлүк. 1916-жыл менен салыштырганда кой-эчкилердин саны 7 миллионго көбөйүп, 1973-жылдын акырында 9,8 миллионду түзөт. Азыр ар бир чарбага орто эсеп менен 25 миңден кой туура келет. Кыргызстандын колхоз жана совхоздорунун арасында короосунда 80—90 миң баш койлору бар, уяң жүн фабрикалары бар. Булар Токтогул районундагы «Үч-Терек» совхозу, Тоң районундагы Карл Маркс жана Ленин, Кочкор районундагы Ленин колхоздору жана башкалар. Ири мүйүздүү малдардын саны 1973-жылдын акырында 945 миң башты түздү, ал эми 1952-жылы 587,3 миң баш болгон. Ошондой эле жылкы чарбачылыгы, канаттууларды, коёндорду өстүрүү жана бал аарысын багуу андан ары өнүктү.

1913-жылдан 1972-жылга чейинки мезгилде айдоо аянты 2 эсеге жакын өстү жана азыр 1275,3 миң гектарга жетти (1913-жылы 639,7 гектар эле). Бул мезгилдердин ичинде техникалык өсүмдүктөрдүн аянты 5 эсеге, анын ичинде пахта баалуу өсүмдүк катарында 21,6 миң гектардан 75 миң гектарга чейин жетти.





Суу чарба курулуштары жана аба ырайынын жагымдуу кыштары Совет бийлигинин жылдарында айдоо аянтын кеңейтүүгө мүмкүндүк берди. Сугат жерлерин иштетүү Кыргызстандын айыл чарбасында негизги форма болуп бөлүнүп калды. Азыркы мезгилде эгин себүүнүн 60 проценттен ашыгы сугат жерлерине жайгашып, өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн дүң продукциясынын 90 процентке жакыны өндүрүлөт.

Аракет кылып жаткан ирригациялык системаларда чарбалар аралык курулган сугат каналдары 6 миң километрге жакынды түзөт. Ири инженердик жана кайра курулган сугат системаларында 300 миң гектар жер бар. Кыргызстандын көп райондорунда айыл чарба өсүмдүктөрүн сугарууга суунун жетишсиз болушу азыр жетишерлик эле жеңилдетилди.

Республикада: Орто Токой суу сактагычы, Чүй өрөөнүнүн колхоз, совхоздорунун түшүм берүүчү талааларын сугаруучу Чоң Чүй каналынын эки бутагы, Кыргызстандын түштүгүндөгү Найман суу сактагычы, Ат-Башы, Кызыл-Суу, Отуз-Адыр, Көк-Арт сугат системалары ж. б. сыяктанган ири гидротехникалык жана ирригациялык курулуштар иштеп жатат.

Сугатчылыктын башкы тармагы — дан чарбачылыгы. Бардык сугат аянтынын жарымынан көбү дан өсүмдүктөрүнө пайдаланылат. Техникалык өсүмдүктөрдүн ичинде негизги орун Ош областындагы сугат жерлериндеги пахта өстүрүүчүлүккө таандык. Революцияга чейинки пахта өстүрүүнүн өтө төмөнкү түшүмдүүлүгү менен мүнөздөлгөн. Азыр пахта буласынын түшүмдүүлүгү, бардык чет өлкөлөрдөгүдөн жогору. Ошондой эле колхоз, совхоздордун талааларында кант кызылчасы, ароматтуу сары тамеки, апийим, эфир май өсүмдүктөрү айдалып жатат.

Октябрь революциясына чейин Кыргызстанда жол куруу такыр колго алынбаган. 1916-жылы Жалал-Абад шаарына чейин жеткирилген жалгыз гана темир жолдун бута-



гы болгон. Республикада бүгүнкү күндө транспорттун бардык түрү бар. Бирок жердин тоолуу болушу транспортко таасирин тийгизип жатат. Жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча республикада автомобиль транспорту басымдуу өнүккөн. Республикада эң жакшы жабдылган автомобиль жолдору салынды. Азыркы күндөрдө эл жашаган ири, чакан пункттарда да жол салынган. Ошондой эле алардын көпчүлүгү бийик ашуулар аркылуу өткөрүлгөн. 1965-жылы 600 километрге созулган Фрунзе — Ош автомагистралынын курулушу бүткөрүлгөн. Бул магистраль Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүн кыскача жол менен байланыштырды. 3200 метр бийиктикте Түз-Ашуусунда үч километрге жакын тоннель тешилген. Борборубуз Фрунзеден Кыргызстандын бардык булуң-бурчуна жана башка республикаларга тасмадай асфальт жол кетет.

Авиациялык транспорт да абдан тездик менен өсүп жатат. Республиканын аба магистралында ИЛ-18, АН-24, ЯК-40 жана башка аба лайнерлери учуп жатышат. Бүгүнкү күндөрдө аэрофлоттун самолеттору менен Фрунзе шаарынан Мсскава, Ленинград, Киев, Баку, Челябинск, Иркутск, Сочи жана башка боордош Орто Азия жана Казакстандын борбор шаарларына учуп баруууга болот.

Кыргыз ССРинин экономикалык жактан өнүгүшү КПССтин лениндик улут саясатынын салтанатынын жана ошондой эле Орто Азия экономикалык районунда, өлкөнүн социалисттик түзүлүшү менен органикалык байланышынын, эмгекти территориалдык бөлүштүрүүнүн өркүндөтүлүшүнүн жаркыраган көрүнүшү болуп эсептелет. Бул бардык союздук республикалар жана СССРдин экономикалык райондору менен рационалдык экономикалык байланыштарды түзүүгө мүмкүндүк берди.

Кыргызстан бардык союздук республикалар, айрыкча Казакстан, РСФСР, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан менен (негизги массасы жалпы жүк ташуу оборотунун энчиси боюнча) тыгыз экономикалык байланышта.

Кыргызстанга жүк жөнөтүү көлөмү боюнча башкы орунду Казак ССРи (40 процент) ээлейт, андан көмүр, нефть продуктылары, минералдык семирткичтер, кара металлдар, Батыш жана Чыгыш Сибирден жыгач, көмүр, минералдык семирткичтер, кара металлдар, машиналар жана метиздер ташылып келинет. Урал жана Поволжьеден — кара металл, нефть продуктылары, ар түрдүү приборлор, автомобилдер, автокрышкалар, жүндөн жана пахтадан токулган кездемелери, кондитердик буюмдар, бут кийимдер, маданий товарлар келет. Өзбекстандан нефть продуктырлары, минералдык семирткичтер, курулуш материалдары, пахта жыйноочу машиналар, пахтадан токулган кездемелер алынып келинет. Украина ССРи — кара металлдарды, ар түрдүү машиналарды, Белоруссия ССРи — тракторлорду, радиотехникалык жабдууларды, Прибалтика республикалары — радиотехникалык жабдууларды, балык жана балык продуктыларын, текстилдик изделиелерди жиберет.





Өз кезегинде Кыргызстан да бардык союздук республикаларга жана өлкөнүн экономикалык райондоруна өнөр жай жана айыл чарба продуктыларын жиберет. Көбүнчө жүктү талап кылуучу болуп Орто Азия экономикалык республикалары эсептелет, алардын энчисине бардык ташылып чыгарылган продукциялардын 70 проценти туура келет. Өзбекстанга 70 тен ашык продукциянын түрлөрү: токардык станоктор, автосүтцистерналары, физикалык приборлор, кир жуугуч машиналар, велосипеддер, кумшекер, упаковкалоочу кездемелер, көмүр, нефть жана башкалар жиберилет. Казакстанга — курулуш материалдары, түстүү металлдар, кумшекер, натуралдык жүн, булгаары сырьёсу, машиналар, РСФСРдин экономикалык райондоруна — мал чарба продукциялары, пахта буласы, ар түрдүү машиналар, приборлор, сымап, сурьма жана башка көптөгөн продукциялар жүктөлүп жөнөтүлөт.

Кыргызстандын өнөр жайынын ар кайсы тармагынын жогорку техникалык прогрессте өнүгүшүнүн күбөсү болуп, анын чет өлкөлөр менен байланышынын өркүндөп баратышы эсептелет. Эгерде республика 1959-жылы өзүнүн өнөр жайынын продукцияларын тогуз гана чет өлкөгө чыгарган болсо, азыркы кезде электротехникалык жана айыл чарба машиналарын, металл кесүүчү станокторду жана физикалык приборлорду, түстүү металлдарды, запастык бөлүктөр-



дү жана башкаларды Европанын 19, Азиянын 18, Африканын 13 жана Американын 3 өлкөсүнө экспорттойт.

Кыргыз ССРи продукцияларды чет өлкөлөргө чыгарып гана тим болбостон, республиканын эл чарбасына керектүү ар түрдүү машиналарды, шаймандарды, станокторду, жеке керектелүүчү буюмдарды чет өлкөлөрдөн да алып турат. Чехословакия цемент, эт-сүт өнөр жайларынын жана консерва заводдорунун технологиялык жасалгаларын, Германиянын Демократиялык Республикасы — кант өнөр жайы үчүн машиналарды жана аппараттарды, полиграфия комбинаттары үчүн басма машиналарын, Венгрия — электролампа заводунун жасалгаларын, Польша — жүндү алгачкы иштетүү заводдорунун машиналарын, Италия — кездеме токуучу машиналарды берип турат.

Кыргыз ССРи эл аралык экономикалык байланыштары кеңири, ар тараптуу, ар түрдүү болуп өнүгүп жатат жана ошону менен бирге Советтер Союзунун чет өлкөлөр менен достугун чыңдоого мүмкүндүк түзөт.

* * *

Республика сегизинчи беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү аткарды. КПССтин XXIII съездинин Директиваларында көрсөтүлгөн СССР дин эл чарбасында 1966—1970-жылдардагы беш жылдык план боюнча Кыргызстанда оор өнөр жайынын тармактары, айрыкча электротехника, радиоэнергетика, автомобиль өнөр жайы, прибор куруу, түстүү металлургия ж. б. техникалык прогресске тездик менен таасир берип, коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатып тез темптер менен өнүктү.

Өнөр жай продукцияларын өндүрүү 1970-жылда 1965-жылга салыштырганда пландагыдан 1,8 эсе көп өстү, ал эми планда 1,6 эсе каралган. Өткөн беш жылдыктын ичинде жаңы техникалар менен жабдылган 40 ири өнөр жай ишканалары, ошондой эле иштеп жаткан заводдордо, фабрикаларда, шахталарда көптөгөн жаңы цехтер жана участкалар ишке киргизилди. Алардын ичинде эл чарбалык зор мааниси бар жылына 300 млн. лампочка чыгара турган өлкөбүздөгү ири Майлы-Сай электролампа заводу, биринчи кезекте Кыргыз текстиль комбинаты, Токмоктогу жүндү алгачкы иштетүү заводу бар. Республикада продукциянын 200 жаңы түрүн: эң жогорку тазалыктагы сурьманы, чөп жыйноочу машинанын комплекси, электротехника өнөр жайы үчүн автоматтык линияларды, контролдоп-өлчөө механизмдерин жана тактыктын жогорку классынын установкалары, алдын ала көтөрүлүүчү платформалуу автосамосвалдарды чыгаруу өздөштүрүлдү. Продукциянын көп түрлөрү жагынан Ата Мекендик жана чет элдик эң сонун үлгү туура келет.



Сегизинчи беш жылдыктын жылдарында жеңил жана тамак-аш өнөр жай тармактары тез темптер менен өсүп, айыл чарбасынын ийгиликтүү өсүшүнө салымын кошту. Жүн кездемелерин өндүрүү — 3,2 эсеге, трикотаж тыш кийимдери — 2,5 эсеге, бут кийимдер — 2,2 эсеге көбөйдү. 1965-жыл менен 1970-жылдарды салыштырганда ынак сүт продукциялары, быштак жана сыр 1,6 эсе, жашылча жемиш консервалары 1,7 эсеге ашык өндүрүлдү.

Сегизинчи беш жылдыктын убагында айыл чарбасынын кызматкерлери маанилүү жетишкендиктерге ээ болду. Айыл чарба продуктыларын өндүрүшүнүн өсүшү негизгинен айыл чарбасынын эң татаал процесстерин кеңири механизациялоонун, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн, жана коомдук мал чарбасынын азыктуулугун жогорулатуунун эсебинен келип чыкты. Дан өндүрүү боюнча жылдык орточо түшүм мурдагы беш жылдыкка салыштырганда 5 процентке, пахта сырьёсу 3 процентке, кант кызылчасы 8 центнерге өстү жана ар бир гектардан 15,5, 23,5—34,3 центнерге барабар болду. Ири малдардын продуктуулугу кескин өстү. Мурдагы беш жылдыкка салыштырганда жылдык сүт саап алуу 254 килограммга өсүп, ар бир уйдан 2124 килограммды түздү. Жүн кыркып алуу 200 граммга көбөйүп, ар бир койдон 3 килограмм жүн алууга жетишти.

Республика айыл чарба продуктыларынын бардык түрлөрүн мамлекетке сатуу боюнча беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү аткарды. Дан сатуунун планы—2,5 эсеге, кант кызылчаныкы — 3,3 процентке, пахта сырьёсу-



5—1761



нуку — 2,3, тамекиники — 12,8, жүндүкү — 8,3, эттики — 3,1, жумуртканыкы — 9,1 процентке ашыра аткарылды.

Колхоздордун жылдык орточо акчалай кирешеси беш жылдыкта 1,5 эсеге көбөйдү, ал эми совхоздордун продуктыларды реализациялоодон түшкөн кирешеси андан да ашык өлчөмгө өстү.

Сегизинчи беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү аткаруунун натыйжасында Кыргызстандын коомдук байлыгынын өсүшү жагынан жана республиканын эмгекчилеринин материалдык жана маданий деңгелин жакшыртуу боюнча олуттуу өзгөрүштөр болду.

Кыргыз ССРи тогузунчу беш жылдыкта өзүнүн өндүргүч күчтөрүнүн эң сонун гүлдөөсүнө жетишет. Республиканын Жогорку Совети кабыл алган «Кыргыз ССРинин 1971—1975-жылдардагы эл чарбасынын өнүгүшүнүн мамлекеттик беш жылдык планы жөнүндө» деген законго ылайык өнөр жай өндүрүшү 55 процентке, айыл чарбасынын дүң продукцияларынын өсүшү 8-беш жылдыкка салыштырганда 20,3 процентке көбөйөт. Керектөөгө жана жыйноого пайдаланылган улуттук доход беш жылдыктын ичинде 40,2 процентке өсөт. Өнөр жай продукциясынын өсүш процентинин мааниси айрыкча өсүп, 1966—1970-жылдардагы 11 миллион сомго караганда 20 миллион сомго барабар болот.

1971—1975-жылдарда кеңири маанилүү техникалык прогресстин тармактары, мисалы энергетика, машина куруу жана металл иштетүү, ошондой эле жеңил жана тамак-аш өнөр жайы алдыга умтулган темптер менен өсөт. Электр энергияларын өндүрүү 1975-жылы 7,2 миллиард киловатт-саатка жетет, же 1970-жылдагыдан 2 эсеге өсөт, электр пайдалануу жана электр менен куралдануу эл чарбасынын бардык тармактарында өсөт. Аракет кылуучулардын катарына Орто Азиядагы эң ири гидроэлектростанциялардын бири — 18 миллион квт күчү бар Токтогул ГЭСи киришет жана 800 миң квт күчү бар Күрп-Сай ГЭСинин курулушу башталат. Фрунзедеги ТЭЦтин күчү 160 миң квтга жеткирилет.

Кыргызстандын индустриясынын маанилүү бөлүгү —





акыркы он жылдыктагы өнүккөн машина куруу жаңы беш жылдыкта продукция өндүрүүнү дээрлик 2 эсеге жогорулатат. Анын салыштырма салмагы өнөр жай түзүлүшүндө 1975-жылы 29 процентке чейин өсөт. Жаңы түзүлгөн жана реконструкцияланган ишканаларда электр менен эсептөөчү машиналарды, программалык түзүлүшү бар металл кесүүчү станокторду, машина куруучу автоматтык линияларды жана башкаларды өндүрүү өздөштүрүлөт. Фрунзедеги айыл чарба машиналарын куруу заводу беш жылдыктын акыркы жылында пресс-подборщиктерди 35 миң даанага чейин өндүрүүгө жеткирилип, өлкөдөгү чөп жыйноочу машиналарды чыгаруу боюнча ири завод болуп калат.


Республика жаңы беш жылдыктын жылдарында өлкө боюнча сымап, сурьма жана анын кошумчаларын өндүрүү боюнча алдыңкы орунду сактап калат. Калай кени боюнча Сары-Жаздагы кен базасында калай өндүрүү ишканаларын куруу иши кеңири жайылтылат.

Отун өнөр жайынын көмүр жана нефть тармагында өндүрүүнүн азыркы кездеги деңгели сакталат, ал эми газ өнөр жайы — газ өндүрүүнү көбөйтөт (1,5 эсеге). Кыргызстанга республиканын отун балансасынын структурасына оңтойлуу деп эсептелген Бухара газынын келишинин өлчөмү алда канча көбөйөт.

Курулуш индустриясын зарыл болгон өлчөмдөгү материалдар жана конструкциялар менен камсыз кылууга чакырылган курулуш материалдар өнөр жайы тогузунчу беш жылдыктын жылдарында жаңы капиталдык курулушту иш жүзүнө ашырууда маанилүү орунду ээлейт.

Иштеп жаткан курулуш материалдар өнөр жайларынын жумуштарын жакшыртуу менен катар эң сонун кошулма темир-бетон өндүрүү боюнча, дубал материалдары, жеңил толуктагычтар, ошондой эле витриналык терезе айнектерин чыгарууну уюштуруу, жергиликтүү граниттен жана рудалык эмес пайдалуу казып алынуучу мраморлордон беттөөчү материалдарды кошумча өндүрүп чыгаруу белгиленет.

Жаңы беш жылдыктын жылдарында эл керектөөчү өнөр жай товарларын жеңил, тамак-аш, эт-сүт, эмеректер, жергиликтүү буюмдарды өндүрүү тармагы тез темптер менен



өнүгөт. Өнөр жай продукцияларынын структурасында бул тармактар боюнча өндүрүштүн жарымын түзөт. Ошентип, пахтадан токулган кездемелерин өндүрүү 36 эсеге, сырткы трикотаж кийимдери — 1,7 эсеге, жашылча-жемиш консерваалары — 1,8 эсеге, эт — 35 процентке, ынак сүт продукциялары — 30 процентке, эмеректер — 1,9 эсеге, маданий-турмуш жана чарбалык керектүү товарлар — 2,7 эсеге өсүп жетет.

Кыргыз ССРинин айыл чарбасы тогузунчу беш жылдыкта, сегизинчи беш жылдыктагыга караганда алда канча жогорку темптер менен өнүгөт. Дүң продукциянын тармактар боюнча жылдык орточо өсүшү өткөн беш жылдыктагыдан 20,3 процентке көп өнүгөт. Эт — 36 процентке, сүт — 20 процентке, жемиштер — 2,3 эсеге алдыга озгон өндүрүштүк темптер менен өнүгөт.

Мал чарбачылыгын өндүрүүдө башкы багыт болуп, мал чарба азыктарын сегизинчи беш жылдыктын жылдарында интенсификациялап мал чарба продуктыларын өндүрүү комплекстерин түзүү эсептелген; Чүй өрөөнүндө чочко өстүрүүнү 24 миң башка, Сокулук районунда ири малдарды 10 миң башка жана сүт өндүрүү үчүн 1200 уйду багууга, Калинин районунда — ири мүйүздүү малдарды бордоо аянтында 20 миң баш бодо мал жана Ош областы боюнча — сүт өндүрүү үчүн 800 баш уй багылган.

Ушуну менен катар эле айыл чарбасы боюнча райондор аралык борго байлоо базаларын түзүү белгиленип жатат. Мындай эң сонун базалардын комплексин түзүү үчүн, ошондой эле коомдук малдардын турак жай муктаждыгын канааттандыруу үчүн, республиканын бардык айыл чарба муктаждыктарын камсыз кылуучу кеңири курулуш пландалып жатат.

Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында айыл чарбасынын өндүрүшүнүн бардык тармактарынын мындан ары күчтүү өнүгүшү үчүн, колхоз жана совхоздор ар түрдүү машиналар жана механизмдер жана ирригациялык-мелиоративдик курулуштар менен камсыз кылуунун кеңири иш чаралары белгиленип жатат. Республиканын айыл чарбасы көп сандаган тракторлорду (15700), дан жыйноочу комбайндарды (2800), жүк ташуучу автомобилдерди (12350) жана көптөгөн техникаларды кабыл алат. Талас өрөөнүндөгү Киров, Ош областындагы Төрт-Күл суу сактагычтары, Оң жээктеги Кемпир-Рават каналы ишке кирет; Чоң-Чүй, Ош областындагы Отуз-Адыр, Талас өрөөнүндөгү Ка-йырма каналы реконструкцияланат, Нарын областындагы Куланак өрөөнү сугат ишине киргизилет.



Жаңы беш жылдыкта транспорттун өсүшүнө аябай көңүл бөлүнөт. Республикада 400 километр бекем грунттуу жолдор негизинен тоолуу мал чарба райондорунда курулат. Кыргызстандын автомобиль парктары жүк ташуучу автомобилдер, автобустар жана жеңил таксомоторлор менен толукталат. Мунун натыйжасында автомобиль транспорту менен жүк ташуу айрыкча жогорулатылат, (1,7 эсеге) жана жүргүнчүлөрдү ташуу (1,4 эсеге) көбөйтүлөт. Республикалар аралык экономикалык байланыштарда жана жүргүнчүлөрдү ташууда негизги ролду ойногон темир жол жана аба транспорту да мындан ары өнүгөт.

* * *

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы жетекчиликке алган Совет элинин түзүүчүлүк зор эмгеги коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү жолунда Родинабызда ийгиликтүү жүрүшүн камсыз кылды, Совет мамлекетинин экономикалык күчүнүн маанилүү өсүшүнө, коргоо жөндөмдүүлүгүнүн чыңдалышына жана өлкөнүн эмгекчилеринин турмуш деңгелинин жогорулашына таасирин тийгизди.


СССРдин бузулбас достуктагы элдеринин үй-бүлөсүндө бардык союздук республикалардын экономикасы тез темп менен өнүктү, экономикалык байланышы жана бир туутер менен өнүктү, экономикалык байланышы жана бир туугандык жардамдашуусу бекемделди.

Кыргыз эли СССРдин башка элдери менен бирдикте өнүккөн социалисттик коомду курду жана коммунисттик түзүлүшкө бет алды. Бир гана муундун өмүрүнө, салыштырмалуу кыска убакытта, бир тууган элдердин жардамы аркасында артта калган көчмөн эл, патриархалдык-феодал-



дык түзүлүштөн социалисттик, коммунизмди куруучу доорго өттү, чүмбөттөлгөн көчмөндүктүн туткунунан чыкты жана жаңы турмуштун активдүү куруучусу болуп калды.

Кыргызстандын эмгекчилери республиканын Коммунисттик партиясынын жетекчилиги астында, КПССтин XXIVсъездинин улуу чектерин жүзөгө ашыруу үчүн турмуштук толукшуган күч жана түгөнгүс энергия менен күрөш жүргүзүүдө. Марксизм-ленинизмдин түбөлүк, бардыгын жеңүүчү идеялары коммунизмдин жеңиш жолуна жарык чачып турат.














Социалисттик Эмгектин Баатырлары — биздин сыймыгыбыз.










Кыргызстандын айыл чарбасынын дүң продукциясы революцияга чейинки мезгилге салыштырганда 6,2 эсеге өстү.






Чумыш плотинасы.











Кант кызылчасы—айыл чарба өсүмдүктөрүнүн негизгилеринин бири.




СОВЕТСКОЙ НАУКЕ!






Республикада чыныгы маданий революция жүзөгө ашты. Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты жазуучу Ч. Айтматов менен Кыргыз ССРинин эл артисти Б. Миңжылкыевдин атагы азыр алыска кетти.









Кыргызстандын искусствосу советтик маданияттын бай казнасына өзүнүн салымын кошууда.





Кыргызстандын жаратылышы өтө бай.









Республикада курорт-
тор, ооруканалар, бал-
дар бакчалары менен
яслилери өтө көп.







Кыргыздын модельер-
леринин кийимдерине
кардар көп болот.



ОСТИНИЦА КЫРГЫЗСТАН








Биздин сүйүктүү Ата Мекенибиздин эркиндиги менен көз каранды эместиги үчүн күрөштө курман болгон революциянын жоокерлерин эч качан эсибизден чыгарбайбыз.






Республиканын айыл
чарбасынын жетишкен-
диктеринин
Көргөзмосүндө.







ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
инв. № 221828

33С5(С54)
К 97

К 97 **Кыргыз** Советтик Социалисттик Республикасы. Тексттин автору К. Оторбаев. Которгон Т. Сагымбаев. Редактор — түзүүчү В. Бобылев. Ф., «Кыргызстан», 1974. © ВДНХ Кирг ССР.

68 бет. ил. менен.

Китептин тышында заглавиеси: «Кыргыз ССРи». Текстин автору, котормочу жана редактор-түзүүчү басмадан чыккан маалыматтарда көрсөтүлгөн.

Бул иллюстрацияланган китепче республиканын эл чарбасынын тармактарынын 50 жылдын ичиндеги өнүгүшү жөнүндө баяндайт.

33С5(С54)

181—31 / М 451 (17)—74 13—74

1—8—1

© Выставка достижений народного хозяйства Киргизской ССР, 1974 г.

Тексттин автору
К. ОТОРБАЕВ,

Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, география илимдеринин доктору, профессор

Проспектти жасагандар
Которгон Т. Сагымбаев
Редактор-түзүүчү В. Бобылев
Басманын редактору Ф. Муратова
Худ. редактор А. Осташев
Макети А. Мисюревдики
Техн. редактор С. Чотиев
Корректор Н. Борбутаева

Фотографиянын авторлору:
А. Абдыгулов
В. Лазарев
М. Шлафштейн

Терүүгө 22/IV-1974-ж. берилди. Басууга 22/VIII-1974-ж. кол коюлду. Кагазы мелованная 120 гр. форматы 70×90 1/12, 5,5 физ. басма табак, 6,25 шарттуу басма табак, 4,68 учеттук табак. Тиражы 4000. Заказ № 1761. Баасы 93 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулевская, 102, Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.